**ЧҮЙ ОБЛУСУНУН**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН**
**ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА**
**ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА**
**ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ**

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XVIII (он сегизинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 14-июлу №84/ XVIII -29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айыл аймагында жайгашкан социалдык мекемелердеги жарактан чыккан материалдарды аукцион аркылуу сатууга макулдук берүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 16-июнундагы №03-13/ 615 "Ысык-Ата айыл аймагында жайгашкан социалдык мекемелердеги жарактан чыккан материалдарды аукцион аркылуу сатууга макулдук берүү жөнүндө" катын Ысык-Ата айылдык Кеңешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, **Ысык-Ата айылдык Кеңеши токтом кылат:**

1. Алмалуу айылында жайгашкан бала бакчада өтүп жаткан капиталдык ондоодо чыгарылган эски эшиктерин, шамалдан учуп кеткен чатырларды, эски материалдарга баалоо жүргүзүү менен сатууга аукцион жарыялоого макулдук берилсин;
2. О.Бөлөбалаев атындагы жалпы билим берүү мектебинде капиталдык ондоо иштери жүрүп жаткандыгына байланыштуу, сынып калган эски парта , стол, стулдарды, чыгарылган полдору эскилиги жетип, чирип, колдонууга жараксыз болгондугуна байланыштуу отун катары аукцион жарыялап сатууга жана эски: эшик, от жагуу системасы (түтүктөр, батареялар), эски меш, эски колдонууга жараксыз станокторду баалоо жүргүзүү менен сатууга аукцион жарыялоого макулдук берилсин;
3. Ш.Рахманов атындагы жалпы билим берүү мектебинде жылытуу системасынын мешин алмаштырууда чыккан эски мешин колдонууга жараксыз болуп, тешилип калгандыгына байланыштуу, эсептен чыгаруу актысынын жана баалоонун негизинде сатууга аукцион жарыялоого макулдук берилсин;
4. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн;
5. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айылдык Кеңешинин бюджет жана каржы маселеси боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**